DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2019

*Сейтеева М.Д., Нарботоева Н.Т.*

# ЗАМАНБАП ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ ИНФОРМАТИКАНЫН ПРЕДМЕТ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ (ЮРИСПРУДЕНЦИЯ)

*Сейтеева М.Д., Нарботоева Н.Т.*

# РЕАЛИЗАЦИЯ МЕЖПРЕДМЕТНЫХ СВЯЗЕЙ ИНФОРМАТИКИ В СОВРЕМЕННОМ УЧЕБНОМ ПРОЦЕССЕ (ЮРИСПРУДЕНЦИЯ)

*M.D. Seiteeva, N.T. Narbotoeva*

# REALIZATION OF INTERSUBJECT COMMUNICATIONS OF COMPUTER SCIENCE IN THE MODERN EDUCATIONAL PROCESS (JURISPRUDENCE)

*УДК: 372.815.519.95/34*

*Информатика курсунун эң маанилүү өзгөчөлүгү болуп предмет аралык байланыштарды ишке ашыруу саналат. Ушул учурда эле бул процесс эки тараптуу, башкача айтканда информатика башка дисциплиналарды өздөштүрүүдө коштоочунун милдеттин аткарса, экинчи жактан информатика курсу башка предметтерди окуп үйрөнүүдө кээ бир түшүнүктөрдү, фактыларды үйрөнүү менен информатиканы толук кандуу билүүгө шарт түзөт, башкача айтканда кандайдыр бир деңгээлде даярдыкты талап кылат. Ошону менен бирге предмет аралык байланыш логикалык ой жүгүртүүнү, предметтер арасында убактылуу байланышты камсыз кылат жана кайталоону жоёт. Информатиканын башка предметтер менен байланышынын негизги мааниси бул информатиканы аппарат катары өздөштүрүү, анткени азыркы дүйнөнүн заманбап илимий сүрөтүн түзүүдө маанилүү ролду: маалымат, маалыматты иштетүү, маалыматтык модель, маалыматтык системалар жана аларды башкаруу түшүнүгү негизги ролду ойнойт.*

***Негизги сөздөр:*** *маалыматтык технология, билим берүү, окуу процесси, маалыматтык билим, предмет аралык байланыш, дисциплина аралык интеграция, окутуунун сапаты.*

*Одной из важнейших особенностей курса информатики является установление межпредметных связей. При этом данный процесс двусторонний, т.е., с одной стороны, речь должна идти о том, что изучение информатики должно способствовать освоению других дисциплин, а с другой стороны, и курс информатики нуждается в своевременном изучении в рамках иных предметов соответствующего набора понятий и фактов, усвоение которых учащимися необходимо для полноценного изучения информатики, т. е. требуется определенный уровень подготовки. При этом межпредметная согласованность предполагает предупреждение дублирования, обеспечение логических и временных взаимосвязей содержания различных предметов. Большое значение для реализации межпредметных связей курса информатики и других учебных предметов имеет усвоение понятийного аппарата информатики, поскольку важную роль в формировании современной научной картины мира играют понятия информации, информационного процесса, информационной модели, информационной системы, управления и др.*

***Ключевые слова:*** *информационные технологии, образование, учебный процесс, информационное знания, межпредметные связи, междисциплинарной интеграции, качества обучения.*

*One of the most important features of the course in informatics is the establishment of intersubject communications. At the same time, this process is bilateral, that is, on the one hand, it should be that the study of informatics should promote the development of other disciplines, and on the other hand, the computer science course needs to study in due time other subjects of the corresponding set of concepts and facts, the assimilation of which by students is necessary for a full study of informatics, that is, a certain level of preparation is required. At the same time, interdisciplinary consistency presupposes the prevention of duplication, the provision of logical and temporal interrelationships between the contents of various subjects. The concept of information, information process, information model, information system, management, etc. plays an important role in the formation of the modern scientific picture of the world in the implementation of the intersubject communications of the course of informatics and other educational subjects.*

***Key words:*** *information technology, education, educational process, information knowledge, intersubject communications, interdisciplinary integration, quality of teaching*

Азыркы шартта коомдун өнүгүшү заманбап билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн, окутуунун сапатын жогорулатууга багытталган. Ал адистерди даярдоо үчүн окутуунун жаңы жолдорун, технологияларын, ыкмаларын издөөнү көздөйт.

Предмет аралык байланыштар принциби дагы деле болсо дидактикалык принциптердин эң негизгилеринин бири болуп эсептелинет. Бул принципте компетенттүүлүк мамиленин ролу өсөт. Бул принцип

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



бир жагынан окуп-таанып билүү иш-аракетин активдештирет жана студенттердин компетенттүүлүгүн калыптандырат, ал эми экинчи жагынан, окутуунун ыраатуулугун жогорулатууга жана окутуунун ар кандай түрлөрүн пайдаланууга багытталат, ошондой эле билим берүү жана тарбиялоо процессинин биримдигин камсыз кылат [9,10].

Азыркы учурда педагогикалык илимде предмет аралык байланыш окуу процессине зарыл шарт катары аныкталат. Бирок, предмет аралык байланышта негизги илимдердин өзүнүн өнүгүшүнүн объективдүү талабы, алардын андан ары дифференцияланышы жана интеграцияланышы[5].

Предмет аралык байланыштар окутуу жана тарбия берүүнүн биримдигин камсыз кылууда абдан маанилүү роль ойнойт. Бул байланыштар окуу процессинде бирдиктүү мамилени бекемдөө каражаты катары кызмат кылат. Окутуу процессинде предмет аралык байланыштардын көп түрдүүлүгү информатика дисциплинасын окутууда жүзөгө ашырылат [7].

Информатика дисциплинасынын башка дисциплиналар менен болгон предметтик байланышы маалыматтык технологияларын, ыкмаларын жана каражаттарын адамдын ишмердүүлүгүнүн ар кандай тармактарында колдонууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле информатиканы окутуунун олуттуу компоненти болуп окутуунун мазмунунун дифференциялашынын табигый чөйрөсү болуп саналат.

Предмет аралык байланыштарды ишке ашырууда информатика дисциплинасынын башка дисциплиналар менен биргеликте түзүлгөн тапшырмалар аркылуу студенттер тарабынан билим жана көндүмдөрдү алуу менен гана чектелбестен, алардын андан аркы билим алуусунда жана кесиптик ишмердүүлүгүндө заманбап куралдарды колдонууга шарт түзөт. Ошону менен бирге студенттердин таанып билүү мотивациясына оң таасирин тийгизет.

Жалпы билим берүүнүн негизги максаттарынын бири курчап турган чөйрөнүн бүтүмдүүлүгүн жана илимий көз карашын калыптандыруу болуп саналат. Демек, ар кандай дисциплинаны окутуу процессинде берилген маалыматтардын бөлүктөрүнүн ортосундагы системалык байланыштарды түзүп, билимди камсыз кылат.

Информатика көптөгөн окумуштуулардын оюбоюнча (К.К. Колин, А.А. Кузнецов, И.А. Мизин, Н.Н. Моисеев ж.б.) [8] предмет аралык мүнөзгө ээ болгон системалык комплекстүү илимий багытта өнүгүүдө, ал бүгүнкү күндө интегративдүү кызматты аткарат. Информатика системалык илимий-изилдөө үчүн маанилүү багыттардын бири - табият, коом, технологиядагы маалыматтык процесстерди ачты.

Бул процесстерди окуп-үйрөнүү үчүн информатика бирдиктүү ыкманы өнүктүрөт, анткени, дүйнө жөнүндө жаңыча илимий түшүнүк берүүдө анын салымы чоң.

Маалыматтык билимдердин системалуулугу болуп бир жагынан алар маалымат жөнүндө билимдердин негизинде түзүлүшкөндүгү болсо, экинчи жагынан адамдын ишмердүүлүгүнүн көптөгөн тармактарында билимдердин өнүгүшү жана түзүлүшү үчүн негизи болуп информатика өзү эсептелет. Ошондуктан маалыматтык билимдер дисциплиналар аралык жана көп деңгээлдүү болушат. Информатика маалыматтар жана маалыматтык процесстер жөнүндөгү комплекстүү илим катары философия, физика-математика, юриспруденция, техникалык, гуманитардык жана коомдук илимдердин фундаменталдык билимдеринин негизинде түзүлөт [6,9].

Биз бүгүн маалыматтар түзүлүп жаткан коомдо жашап жатабыз, анда маалыматтык жана коммуникативдик технологиялар (маалымат чогултуу, анализдөө, маалымат жөнөтүү, иштеп чыгуу) адамдардын ишмердүүлүк чөйрөсүндө негизги орунду ээлешет.

Коомдун маданий, укуктук, саясий, экономикалык, социалдык ж.б. чөйрөлөрүндө жаңы маалыматтык жана коммуникативдик технологиялардын каражаттарын колдонуу жана тез өнүктүрүү, маалыматтык-укуктук мейкиндиктеги профессионалдык маселелерди чечүүгө жөндөмдүү кадрларды даярдоодогу көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет.

Юриспруденцияга маалыматтык технологияларды анализдөө тармагындагы, маалыматтык технологияларды түзө ала турган жана күнүмдүк профессионалдык маселелерди чечүүдө аларды колдоно билген, мекемелерди текшере билген, колдонуучулардын маалыматтык керектөөлөрүн ачып көрсөтө алган, маалыматтык системага болгон талаптарын түзө алган профессионалдуу адистер зарыл [6].

Фундаменталдуу маалыматтык билимдер укук системасында да, илим жана кесиптик укуктук ишмердүүлүктө да олуттуу мааниге ээ. Маалыматты таанып билүү юридикалык маалыматтардын мыйзам ченемдүүлүгүн билүүдө, анын укуктук системасындагы ордун табууда жана калыптанышына тийгизген ар түрдүү факторлорду аныктоодо шарт түзөт. Укук коргоо жана соттук маалыматташтыруунун негизги шарттарын аныктоого маалыматтык процесстер жана автоматташтыруу технологиялар системаларынын өнүгүшү мүмкүндүк берет.

Бүгүнкү күндө юристтер укуктук документтердин бардык түрлөрүн түзүүдө, мисалы, доо, процессуалдык документтерди, арыз жазууда компьютер, принтер ж.б. ар кандай техниканы колдонуу менен программалык камсыздоону да кеңири колдонушат. Программалык камсыздоо юристтердин ишин тездетүүгө мүмкүнчүлүк берет. Атап айтканда, ар кандай укуктук системалар, айрыкча маалыматтык укуктук

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



системалары – Токтом, Эдвайзерди колдонуп дээрлик ар түрдүү юридикалык суроолорго жооп тапса болот. Ошондой эле жол-жоболук документтерди жигердүүлүк менен түзүү үчүн ар кандай мисалы, MS Word, MS Excel, жана башка кошумча программаларды пайдаланышат.

Бул ыкманы ишке ашыруу үчүн информатика, укуктук информатика, жогорку билим берүү системасындагы маалыматтык укуктар, юриспруденциядагы компьютердик технологиялар курстарындагы предмет аралык байланыштарды ишке ашыра турган кээ бир темаларды төмөнкү таблицада сунуштасак.

| Информатика курсунда окутула турган темалар | Укуктук информатика курсунда окутула турган темалар | Юриспруденциядагы компьютердик технологиялар курсунда окутула турган темалар | Маалыматтык укуктар курсунда окутула турган темалар |
|---|---|---|---|
| Маалыматтык процесс. Маалыматтык система жана технология жөнүндө түшүнүк. | Маалыматтык коом жана укуктук информатика. Маалыматтык процесс. Маалыматтык система. | Юридикалык практикада жана укук коргоо ишмердүүлүктө заманбап компьютердик технологияларды колдонуу. | Маалыматтык укуктун предмети, ыкмасы, системасы, принциби жана маалыматтык укуктун булактары. Маалыматка болгон укук. Маалыматтарды колдонгон, издеген, алган, жеткизген укуктук институттар. |
| Маалыматтык процесстерди ишке ашыруучу техникалык каражаттар. | | Заманбап компьютердик технологиялардын аппараттык жабдылышы. | |
| Берилиштер базасын түзүү жана форматтоо. | Маалыматтарды издөө жана сактоонун технологиясы. Берилиштер базасы менен иштөө. | Берилиштер базасын берилиштерди сактоо үчүн колдонуу. | |
| Компьютердик желелер жана телекоммуникациялар | | | Массалык маалыматтарды түзүүнү жана аларды көпчүлүккө жайылтууну укуктук жактан тескөө. |
| Интернет глобалдык желенин негизги сервиси жана технологиясы. | Юридикалык ишмердүүлүктөгү Интернетин ролу. | Юридикалык практикада жана илимде интернет ресурстарын колдонуу. | Интернетти укуктук жактан тескөө. |
| Маалыматтарды коргоонун негизи жана ыкмасы. | Маалыматтын коопсуздугун укук жактан камсыздоо. | Маалыматтын коопсуздугун укук жактан камсыздоо, компьютердик кылмыштардын алдын алуу. | Мамлекеттик жана коммерциялык сырлардын маалыматтык-укуктук катнашы. |

Адамдардын ишмердүүлүгүнүн ар түрдүү тармактарында предмет аралык байланыштарды түзүү негизинен маалымат технология каражаттарын жана аларды колдонуу ыкмаларын ишке ашырат [1,2,3,4]. Бул жерде баса көрсөтүп кете турган нерсе, информатика илим катары башка бардык дисциплиналарды окутуунун методикалык системаларын өз кучагына алуу менен гана чектелбестен, информатиканы окуп-үйрөнүүдө окуу каражаттарын, ыкмаларды, технологияларды колдоно билүүнү үйрөтөт.

**Адабияттар:**


1. «Информатика». Жумушчу программасы. - Б.: КМЮА 2016-ж.
2. «Маалыматтык укук». Жумушчу программасы. - Б.: КМЮА, 2016-ж.
3. «Укуктук информатика». Жумушчу программасы. - Б.: КМЮА, 2016-ж.
4. «Юриспруденциядагы компьютердик технологиялар». Жумушчу программасы. - Б.: КМЮА, 2016-ж.
5. Волошенко Л.Н., Межпредметные связи на уроках информатики. - [Эл. рес.], http:// informatiku.ru/seminar-v.
6. Бурцева Е.В., Селезнёв А.В., Чернышов В.Н. Информационные технологии в юриспруденции. - Тамбов, 2012.
7. Максимова В.Н. Межпредметные связи в процессе обучения. - М.: Просвещение, 1989. - С. 17-52(10).
8. Моисеев Н.Н. Универсум. Информация. Общество. - М.: Устойчивый мир, 2001.
9. Научный журнал «Вестник КГПУ им. В.П. Астафьева» 2015 №1(31) (6/19).
10. Носков М.В., Шершнева В.А. Междисциплинарная интерграция в условиях компетентностного подхода. // Высшее образование сегодня. - 2008. - №9. - С. 23-25(1).


**Рецензент: к.ф.-м.н. Урусова И.Р.**